| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>МАНАС<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МАНАССКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

I чакырылыштын 10-(кезексиз) сессия

**ТОКТОМ №62**

**15.12.2025- ж.** **Манас айылы**

**« Мамлекеттик лизинг компаниясы» ачык акционердик коому аркылуу лизинг менен атайын техникаларын сатып алуу жөнүндө**

Манас айыл аймагынын инфрастуктурасын жакшыртуу максатында, “Таза Айыл үчүн” муниципалдык ишканасынын техникалык паркын жаңылоо үчүн жана автотехникаларынын жетишсиздигине байланыштуу, атайын техникаларды лизинг менен “ Мамлекеттик лизинг компаниясы ” аркылуу зарыл болгондугу жөнүндө Манас айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу Кулубеков Т.А. маалыматын угуп, Манас айылдык Кенешинин бюджеттик жана жер комиссияларынын 2025-жылдын 12-декабрындагы №4 протоколунун негизинде

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1.Финансылык ижара келишиминин (лизинг) негизинде “ Мамлекеттик лизинг компаниясы ” ачык акционердик коому аркылуу жалпы баасы 71 000 (жетимиш бир миң ) АКШ доллары (лизинг келишим түзүлгөн датага Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча улуттук валютада эквиваленти), жылдык 11(он бир) пайыз менен, 5(беш) жылдык мөөнөткө төмөнкү автоунааларды алууга макулдук берилсин:

- Вакуумдук ассенизатор SX5185GXWJN461 - баасы 46 500( кырк алты миң беш жүз) АКШ доллары;

-Самосвал CA316OP40K2L4EA85 – баасы 24 500 баасы ( жыйырма төрт миң беш жүз) АКШ доллары;

2. Лизингдин жалпы баасынан 20(жыйырма) пайыз өлчөмүндө Манас айыл өкмөтүнүн өздүк салымы 14200 ( он төрт миң жүз) АКШ доллары кошулсун.

3. Өздүк салымдан сырткары, лизингге алынган автоунаалардын бажы жагынан жол-жоболоштуруусу, каттоосу, автоунааларды лизингдин бүткүл мезгилине камсыздандыруусу жана лизингге алынган автотехникаларын өз эсебинен сатып алууга байланышкан башка чыгашалардын акча каражаты каралсын.

4. “ Мамлекеттик лизинг компаниясы ” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол кою укугу Манас айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу Т.А.Кулубековго ыйгарылсын;

5. Бул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

**Төрайым** **Р.Момунова**